ISSN 1694-7622

## С.Нааматов атындагы НМУнун

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

## НГУ имени С.Нааматова

№2,3 2016

Подпись ______ заверяю
Ученый секретарь ______
КГУ им. И. [illegible]АЕВА

*Койлубаева Н.К.*
«Эне мектеби» түшүнүгүнүн мазмуну жана анын тарбия берүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү ........ 133

*Кумашова А.А.*
Маселелерди чыгаруунун методикасынын жалпы суроолору ........ 135

*Кутанова Р.А.*
Методологические подходы к исследованию процесса формирования учебной самостоятельной деятельности студентов ........ 137

*Кылчыкбаев К.Т.*
Современные аспекты высшего образования в контексте социально-экономического развития республики ........ 138

*Кыркаякова К.*
Экологиялык билим берүүнүн окуу формасы катарында окуу экскурсиялардын натыйжалуулугун аныктоо ........ 140

*Мааткеримов Н.О., Джунушалиева Б.А.*
Дидактические аспекты использования информационной обучающей среды 142

*Мааткеримов Н.О., Сади К., Шермаганбет М.З.*
О применении новых информационных технологий в управлении школой .... 144

*Макеев А.К.*
Орто мектепте математиканы окутууда жергиликтүү материалдарды колдонуунун методикалык маселелери ........ 146

*Маматумаров А.Т.*
Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун психологиялык негиздери ........ 148

*Мамбетакунов Э.*
Окутуу процессин технологиялаштыруунун теориялык негиздери ........ 151
Теоретические основы технологизации процесса обучения ........ 151

*Молдарынова А.К., Жанбаева Р.А.*
Активдүү окутуу - активдүү окуучу ........ 153

*Муратова А.М.*
Келечектеги мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары ........ 157

*Мутлу А.*
Жамааттык тренингдер – окутуунун инновациялык формалардын бири катарында ........ 160

*Нукешов С.Т.*
Болочок башталгыч класстын мугалимдери үчүн "Математиканы окутуунун методикасы" курсунда окутуу келишимин түзүү 163

*Омуралиева Э.К.*
Организация и технологии личностно-ориентированного обучения студентов в вузе ........ 165

Подпись ________ заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. ... АРАБАЕВА

| | |
|---|---|
| Доскага жазылган суроолорду талдоо (классификациялоо),<br><br>. Кандай толкундарды электромагниттик толкундар деп атайбыз?+<br>2. Электромагниттик толкундардын жаратылышы кандай?-<br>3. Электромагниттик толкундар кандай диапозондо жайгашышат?-<br>4. Электромагниттик толкундар кимдер тарабынан ачылып, негизделген?+<br>5. Электромагниттик толкундардын пайдалуу жактары кайсылар? *<br>6. Электромагниттик толкундардын зыяндуу жактары кайсылар? * | Маанилери бири- бирине жакын суроолорду бириктирүү керек. (+, -, *,)<br><br>Бирдей белгиде белгиленген(классификацияланган) суроолордун санына жараша окуучуларды топторго бөлүп алсак болот.<br>(а,б,в) Ар бир кичи топко суроолорду бөлүштүрүп беребиз.Ал суроолорго жооп жазууда, кааласа сүрөт менен да чагыл-дырса болот.<br>(а,б,) Ар бир топтон окуучулар чыгып, берилген суроону жакташат.<br>«Бет ачаар»<br>Жактап бүткөндө жактоочуга же топко 2ден ашык суроо берилбейт. |
| Үйгө тапшырма: Кээ бир чечилбей калган суроолор үйгө тапшырмага берилет. | Үй тапшырмасын аткарууда окуучу изденет, башка бирөөлөр менен баарлашууга туура келет, себеби билбегендерин суроого мажбур болот.<br><br>Окуучулардын сунуш, пикири.<br>Аңгемелешүү<br>Бири-бирин жана өзүн-өзү баалоо. |
| Кыйынтыктоо:<br>Кимдер активдүү иштей алышты?<br>Эмнени билүү маанилүү болду?<br>Кимдерге баа койсок болот?<br>Өзүңөрдү кандай баалайсыңар? | |

*Адабияттар*


1. О.Т.Абдылдаев «Электромагнетизм» Физика жана техника багытындагы жогорку окуу жайларынын студ.үчүн окуу куралы -2бас. Б.: 2009. -427 б.
2. Корчак Я. А.,1980-ж.,10-бет;
3. Койнова-Цёльнер Ю.В. «Баштапгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары»-Б.: 2014;
4. Г.Я.Мякишев, Б.Б.Буховцев Физика 11 «Мектеп» басмасы, 1988-жылы кайра иштелгенинен кыргызчага которулду. Которгондор: Т.Карашев, Ж.Ибраимов, Ө.Шаршекеев;
5. Ө.Саалаев «Интерактивдүү усулдарды пайдаланууда жана сабакта ишти уюштурууда мугалимдин ролу» мугалимдер үчүн. 2-бөлүм. Бишкек -2014;
6. Т.В.Флмина «Мугалимге- планетанын озон катмары жөнүндө» Окуу-метод.курал. –Б.: 2009 -64 б.;
7. Шифрин Ф.Ш. 1996-ж.47-бет.


---

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ


**Муратова А.М.**

*Муратова Айнура Муратовна – улук окутуучу, И. Арабаев ат. КМУ, Бишкек ш.*



***Аннотация:*** *Макалада келечектеги мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо эстетикалык билим берүүдө улуттук музыкага кызыгууларын калыптандыруучу педагогикалык шарттар улуттук музыкалардын мисалы менен берилди.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *улуттук музыка, педагогикалык шарттар, ыкмалар, угуу, ырдоо, аткаруу, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, музыкалык ишмердүүлүк.*


Коомдун жаңыланып күндөн-күнгө өсүшү менен жөн гана билимдүү келечек ээлерин тарбиялабастан, ошол эле учурда жан дүйнөсү бай, ата-баба мурастарын ыйык тутуп, баалап, байытып, сактап, чыгармачылык менен өстүрүп, кайрадан жаш муундарга өткөрүп берүүчү кесип ээлерин тарбиялоо учурдун талабы.

Бул талапка жооп берүүчү келечек мектепке чейинки педагог өзүнүн теоретикалык жана практикалык негиздеги ишмердүүлүгүндө үзгүлтүксүз, системалуу түрдө улуттук маданий мурастарды сактап, баалоону ишке ашыра алышы керек. Улуттук маданий баалуу мурастардын ичинен келечектеги мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун негизи – бул улуттук музыка боюнча өз билимин ар тараптан тереңдетип, изденип билим алуусу жана аларды чыгармачылык менен пайдаланып, чыгармачыл, активдүү кесипкөй болуп калыптанышы.

Азыркы заманбап билим берүүнүн негизги шарттары төмөнкүлөр:

1. Студенттин инсандыгын өнүктүрүүдөгү ишмердүүлүктүн ролун аныктоо;
2. Жалпы педагогикалык методдору илимий-изилдөөчүлүк маселелерди чечүү жолдорду колдонуу жана байкоо, сурамжылоо методу, ошондой эле педагогикалык эксперимент.

Келечектеги мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда музыкалык тарбия берүүнүн түрдүү ыкмалары, жалпы педагогикалык ыкмалар колдонулат. Музыкалык билим берүүдөгү ыкмалар бир катар




Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. АРАБАЕВА

өзгөчөлүккө ээ. Иштөө тажрыйбасы көрсөткөндөй студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча сабактар эки багыт боюнча жүргүзүлөт.

1. Жалпы активдүү ой жүгүртүү ишмердүүлүктү уюштуруу;

2. Жекече чыгармачылыкты өз алдынча ишке ашыруу.

Жалпы активдүү ой жүгүртүү методикасы баарыдан мурда чыгармачылыктагы таймашууну билдирет. Бул болсо студенттерге бири-бирин угуу, баарын бул процесске катыштыруу, башка студенттердин идеяларын ортого салуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бирок, жакшы адисти даярдоодо жалпы активдүү ой жүгүртүү жетишсиз, анткени студенттин лидер болуусу керек эмеспи. Практика көрсөткөндөй, өз алдынча иштерди жекече уюштуруу – окутуу процессинин интенсивдүүлүгүн жогорулатуу, келечектеги адистердин сапатын жогорулатуунун негизги каражаттарынын бири.

Музыкалык билим берүүдөгү музыкалык ыкмалар келечек мектепке чейинки педагогдун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу менен бирге, келечекте бала бакчадагы балдардын музыкалык-эстетикалык багытта билимдеринин калыптанышына да шарт түзөт. Бала бакчадагы балдардын музыкалык билими үстүртөн болсо да, улам тереңдеп, музыканы кабыл алуусу, музыкага болгон баалоо мамилеси өзгөрөт, андыктан мектепке чейинки педагог балдарын талабын ишке ашыруу үчүн музыкалык тарбия берүүнүн ыкмаларын жакшы билүүсү зарыл. Негизинен педагогика илиминдеги негизги үч ыкма музыкалык билим жана тарбия берүү процессинде да негизги орунда: көрсөтмөлүү ыкма,оозеки айтып берүү ыкмасы жана практикалык ыкма, окутуунун ыкмалары бири-бирин ар тараптан толуктап турат. Музыкалык тарбия берүүдө оозеки айтып берүү, көрсөтмөлүү, практикалык ыкманы проблемалык учурларды түзүү менен бир эле учурда колдонуп, айрым бир учурларда ар бирин өз алдынча колдонсо болот.

Көрсөтмөлүү ыкма музыкалык тарбия берүүдө эки түргө бөлүнөт: көрсөтмөлүү-угуу ыкмасы жана көрсөтмөлүү-көрүү ыкмасы.

**Көрсөтмөлүү-угуу ыкмасы** музыкалык тарбия берүүдө негизги ыкма болуп эсептелет, себеби музыканы угуусуз кабыл алуу мүмкүн эмес, музыкалык чыгарманы угуу бул ыкманын негизи. Уктурулган музыкалык чыгарма эң жогорку көркөм деңгээлде аткарылышы зарыл. себеби угуучунун сезимдик кабыл алуусуна таасир берүүсү керек, себеби музыка сезимдердин тили.

**Көрсөтмөлүү-көрүү ыкмасы** (сүрөттөр, түстүү карточкалар, пейзаждар, картиналар ж.б.) музыкалык аспаптар, топтор, чыгармачыл инсандар, ырчы-чоорчулар менен тааныштыруу жана угулган чыгарманы сезимдик кабыл алууну өөрчүтүү максатында колдонулат. Бул эки ыкма бири-бирин толуктап туруусу зарыл.

**Оозеки айтып берүү ыкмасы** педагогика илиминде негизги орунда жана педагогдун түшүндүрүүсү менен берилет. Музыкалык тарбия берүүдө да негизги орунда. Оозеки айтып берүүдө педагогдун сөзү жөнөкөй, турмуштук сөздөр менен эмес, "сыйкырдуу" ар бир угуучунун көңүлүн бурдурган кызыктуу маалыматтар менен камтылып, педагогикалык этиканын нормасында,сабаттуу, көркөм, чоң педагогикалык чеберчилик менен болушу зарыл. Музыканын мүнөзүн ачып берүүдө (шайыр, шаңдуу,кайгылуу, муңдуу, чечкиндүү ж.б.) педагог музыканын мүнөзүн сөз аркылуу бере алуусу да керек.

**Практикалык ыкма** да музыкалык билим берүүдө негизги орунда. Бул ыкма аркылуу аткаруучулук ишмердүүлүк – ырдоонун ар кандай ыкмаларын, аспаптарда ойноо жөндөмдөрүн, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды аткаруу ыкмаларын, башкача айтканда бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун негизи. Мисалы, практикалык ыкма аркылуу педагог студенттерге ырдоо ыкмаларын - туура дем алуудан тартып, үн пайда кылуу, дикция, интонация, ар кандай аткаруу манералары, музыкалык көркөм каражаттарды колдонуп, музыкалык чыгармаларды коОздоп аткаруу көндүмдөрүн калыптандыра алат.

Музыкалык билим жана тарбия берүү аркылуу келечек мектепке чейинки педагогдорун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруудапедагогдун негизги милдети – студенттин чыгармачылык жөндөмдүн ойготуу.

Башкача айтканда, педагог келечекте балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү боюнча иш алып бара турган кесип ээлерин – адистерди тарбиялоо.

Себеби, музыка адамдын нравалык сапаттарынын калыптанышына чоң таасир берерин ата-бабаларыбыз мурунтадан бери эле белгилеп келишкен. Музыка искусствонун адам баласына чоң таасир берчү. сезимдерин ойготуучу өзгөчө түрү. Байыркы грек философу Платон «туура тандалып алынган ритм жана гармония адамдын сезимдеринин кылын чертип, туура жолго багыттайт», - деп айткан. Философ Платондун оюн Аристотель мындай деп уланткан: «музыка жан дүйнөгө рахат тартуулагандан сырткары дагы эң бийик максат аткарат, ал **адамдын жүрүм-туруму менен психикасына чоң таасир берет»,** демек музыка биздин моралдык сапаттарыбыздын калыптанышында да роль ойнойт.

Келечек мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн негизги бөлүктөрүнө таянып иш алып барабыз. Ал үчүн аларбалдардын музыкалык ишмердүүлүн жакшы өздөштүрүп, билүүсү зарыл, алар:

**Музыка угуу.** Бала бакчада музыкалык тарбия берүү теориясы жана методикасы курсун окутууда эң башкы ишмердүүлүк – музыка угуу ишмердүүлүк болуп эсептелет, бул ишмердүүлүк бардык музыкалык ишмердүүлүктүн процессинде коштолот. Мисалы, ырды ырдаш үчүн да, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоодо да, музыкалык аспаптарда ойноо үчүн эң биринчи музыканы угуу зарыл, бирок ошондой болсо да музыка угуу өз алдынча ишмердүүлүк болуп эсептелет.

Музыка угуу татаал процесс, анын негизинде музыканын маани-маңызын угуп, сезип, туюу жатат. Музыка угуу музыканын маанайын сезүү менен чектелбейт, ал ошол чыгарманын идеясын уга билүүдө. Музыка көптөгөн көркөм каражаттардын негизинде таасир берет (ладдык түзүлүш, динамикалык белгилер, темп, ритм, тембр, добуш, обон, аспаптык жана аваздык аткаруу).

Музыкалык тарбия берүү курсунда музыка уктурууда кыргыз элдик музыканын казынасынын аспаптык да, аваздык да бөлүгүн колдонсок болот. Музыка уктуруу процессинде биз эки ишти бирдей алып кетүүбүз зарыл, биринчиси, музыка уктуруу, анын жаралыш тарыхы жөнүндө, кандай музыка, кайсы аспап үчүн жазылганы менен тааныштырсак,экинчиси, бул музыка аткарылган аспап менен тааныштыруу. Студенттердин улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн ар түрдүү формадагы жана жанрдагы музыкалык чыгармаларды уктуруп, ага талдоо жүргүзүү.

Уктурууга каралган "Тагылдыр Тоо" элдик күүнү талдап көрөлү. Бул күүнү уктурардын алдында кыргыз элдик аспабы темир ооз комуз менен тааныштырып, үн чыгаруу ыкмаларын көрсөтүп, студенттердин түшүнүгү кеңейтилет. Андан сон күү толук уктурулуп, музыкалык мүнөздөмө берилет.

Комуз күүлөрүн уктурууда салттык, программалуу жана айтым күүлөр уктурулат. Комуз күүлөрүндө элдин бүткүл турмушу, кайгы-капасы, эрдиги, кубанычы, каада-салты, ой-санаасы, тунук махабаты, асыл касиеттери камтылган. Комуз



Подпись ... заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. А...ЕВА

күүлөрүн уктурууда күүнүн жаралыш тарыхын, программасын,комуздун толгоо ыкмасын,аткаруу ыкмаларын айтып берип, андан соң уктуруу керек.

Музыка уктурууда негизги милдет, мейли обон же күү болсун – эң башкысы музыканын мазмунун, анын мүнөзүн, идеясын ачуу болуп саналат. Ы. Туманов “Кара тулпар” (Паравоз) күүсү, бул жерде окутуучунун жакшы кириш сөзү керек, себеби күүнү жакшы элестетүү менен кабыл алганга жардам берет. Күүдө колдонулган көркөм каражаттардын бардыгы студенттерге паровоздун ордунан жылгандан тартып токтогонго чейинки кыймылынын баарын көз алдына тартуулап турат.

**Ырдоо аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү**. Бул ыкма вокалдык жана хордук ыкмаларды терең өздөштүрүүгө жардам берет. Ырдоо учурунда үн байламталарынын назиктигине көңүл буруп,ар бир студенттин үнүнүн мүмкүнчүлүгүн, дем алуунун тууралыгын эске алуу менен артикуляциялык туура иштөө аркылуу ар кандай интонацияларды жасоо каралган. Ырдоо ишмердүүлүгүнүн маанилүү жагы бул музыкалык тарбия жана билим берүүнүн бардык формасын өзүнө камтыйт: ырды аткаруу, музыкалык сабат, музыканы угуу, импровизациялоо, жөнөкөй музыкалык аспаптарда коштоп ырдоо.

Кыргыз элдик ырларын ырдоо көнүгүүлөрдү жасоодо “Шырылдаң”, “Бекбекей”, “Селкинчек”, “Бешик ырлары”, “ Жарамазан”, “Оп, майда”, балдар ырлары “Турумтай”, “Беш көкүл”, “Жетим тай”, “Торпогум”, “Көпөлөк”, “Каак, каак, каргалар” элдик ырларды пайдаланып ырдатса болот, себеби бул ырлар дем алууну өстүрүүгө жана ошондой эле ырдоо ыкмаларынын ар кандай түрлөрүн үйрөнүүгө жардам берет. Мисалы, “Бекбекей” созулуңку мүнөздө, legato ырдалып, дем алууну туура пайдаланууну үйрөтсө, ал эми “Шырылдаң” ойноок, шок мүнөздө, staccato ырдалып, дикцияны, интонацияны калыптандырат.

Аткаруучулук ишмердүүлүктүн экинчи түрү – **музыкалык-ритмикалык кыймылдарды** жасоо, бул ишмердүүлүктө музыканын маани-маңызы, мүнөзү кыймыл – бий аркылуу берилет. Ритмикалык кыймылдарды ар кандай дене тарбиялык көнүгүүлөр, бийдин түрлөрү, сюжеттик-образдык кыймылдар түзөт. Элдик күү “Саринжи Бөкөй”. Биринчи музыка уктурулат, анализдөөгө бир аз убакыт берилет, музыкага салыштыруу ирээтинде сөз менен музыканын көркөм каражаттарын пайдалануу аркылуу мүнөздөмө беребиз, мисалы, шаңдуу, чечкиндүү, ылдам темпте,жогорку бийиктикте, мунун негизинде чыгарманын аннотациясы келип чыгат. Кайрадан музыка коюлуп, ар ким өз алдынча ритмикалык кыймылдарды жасашат, бул жерде ар ким өз чыгармачылык жөндөмүнө жараша аракет кылат. Музыка кайрадан коюлуп ритмикалык кыймылды бир калыпта, бир темпте жасаганга аракет кылабыз. Ушул сыяктуу эле “ Кыргыз көчү”, “ Боз салкын” ж.б. күүлөргө музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасап, ал аркылуу чыгарманын аннотациясын жазып, музыкалык образды кыймыл аркылуу берсек болот. Мындай иш аркылуу студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө чоң салым кошулуп, музыканы талдап кабыл алуу, угуу мүмкүнчүлүгү тереңдеп, улуттук музыкага кызыгуусу артат.

Музыкалык-ритмикалык ишмердүүлүк синтездүү процесс болгондуктан көркөм-чыгармачыл процесс бир нече фазадан турат: даярдануучу, изденүүчү жана аткаруучу:

- даярдануучу фазада ойлонуп, музыканы активдүү, кунт коюу менен угуу, ролдорду бөлүштүрүү;- изденүүчү фазада көркөм каражаттарды колдонуп, ар кандай кыймылдарды ойлоп таап, ритмикалык сүрөттөрдү тартуу;
- аткаруучу фазада ойлоп табылган музыкалык-ритмикалык бий көркөм аткарылат.

**Музыканын мүнөзүн тактилдик сезүү: (баланын колу тарбиячынын же бири-биринин колун кармоо).** Бул ыкма кенже жаштагы тарбиялануучуга музыканын көркөмдүгүн сезип терең кабыл алуусуна жардам берет (И.В.Груздова). Студенттерге музыкалык чыгармалардын аттары жазылган карточкалар берилет. Карточкаларда студенттерге тааныш музыкалар жазылган: «Шырылдаң», «Бекбекей», «Бешик ыры», «Оп, майда», «Жарамазан», «Кыргыз көчү», «Саадак какты», “Эргиме» ж.б. Группа алдын ала эки топко бөлүнөт. Биринчи студент экинчи студенттин колун кармап, уктурулуп аткан музыканын мүнөзүнө жараша ритмикалык кыймыл жасайт, мисалы, марш мүнөзүндөгү музыка болсо, марш мүнөздүү чечкиндүү кыймыл. Ал эми экинчи студент музыканын мүнөзүн сезим аркылуу мүнөздөйт. Музыка тандоодо эки мүнөздөгү музыка тандалышы керек. Назик, созулуңку жана катуу, күчтүү сезим берилген музыка сезимдик жана тактилдик кабыл алууну тереңдетет.

***Сөз аркылуу музыканын мүнөзүн*** ачуу (музыканын мүнөзүн түшүндүрүү, сөз – образ) – бул ыкма негизи универсалдуу мүнөзгө ээ. Айтып берүү ыкмасы аркылуу студенттерге музыкалык чыгарманы терең сезип кабыл алууга, мүнөзүн, музыкадагы маанайды аныктоого жана музыкалык образ түзүүгө жардам берет. Музыкалык тарбия берүүдө жөнөкөй турмуштук сөз эмес, образдуу, педагогикалык чеберчилик менен иш алып баруу зарыл. В.А. Сухомлинский: «Сөз жүрөктүн назик кылдарын чертип турууcу керек. Музыканы түшүндүрүүдө сөз аркылуу поэзиянын сыйкырдуу куюлушкан ыргактары туюлуп турсун», - деп белгилеген.

Мисалы, **Ы. Тумановдун « Боз салкын»** күүсүн талдап көрөлү, күү толугу менен уктурулат. Андан соң студенттер ар ким өзүнүн күүнү угуп атканда кандай сезимде болгонун жана эмнени элестеткенин, кандай мүнөздө жазылган музыка экенин айтып беришет. Күүнүн сюжети: «Күү жай темпте башталат, жайкы таң жаңы атып, кыз-келиндер жумушка баратат. Күн улам көтөрүлүп,айлана бүт ойгонуп, куштар сайрап, иш шаңы кызый баштайт. Күүнүн мүнөзү да шаңкылдап, шайдоот мүнөздө. Шаңга толгон кыз-келиндер эмгектенип, чарчоо тартып, күн кечтей баштайт. Күүнүн шаңы да акырындап жайлап, коңур добуш менен жай терип чертүү менен угулат».

“Кер-Өзөн» күүсү уктурулат. Күүгө мүнөздөмө берүүдө жаратылыш менен салыштырат, жай мезгилиндеги жаратылыштын эң коозу, өзөндөрдө суу толуп аккан мезгили.

**Музыканын мүнөзүн аспаптын тембри аркылуу ачып берүү,** студенттер лекциялык сабакта кыргыз элдик аспаптарында ойноп аткарылган музыкалык чыгармалар менен таанышып, угушкан, комуз күүлөрү, сыбызгыда, чопо чоордо, кыл кыякта, ооз комузда аткарылган чыгармалар. Бул аспаптардын тембрдик өзгөчөлүктөрүн айырмалай алышат. «Кер Өзөн» чыгармасы кыл кыяк, чопо чоор, сыбызгы менен, ал эми А. Огонбаевдин «Эсимде» чыгармасы чопо чоор, сыбызгы, урма аспап аса таяк менен аткарылган. Студенттер бир нече музыкалык аспаптын тембри аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүүсү керек. Бул ыкманы колдонуу аркылуу студенттердин кыргыз элдик музыкалык аспаптары менен таанышуусун бекемдеп, алардын тембрдик өзгөчөлүктөрүн эске тутуп, жана аспаптык элдик музыканын жанрлары, формалары менен таанышышат.

**Түстөр аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү,** бул ыкманы чыгармалардын карама-каршылыгын баамдоо үчүн колдонулат. Иш алып баруу үчүн контрасттуу түстөгү карточкалар керек, студенттерге музыканын мүнөзүн ачуу үчүн ар кандай түстөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгү түшүндүрүлөт.

«Селкинчек» ыры жана салттык ыр кошоктон үзүндү уктурулат. Буга чейин уктурулган чыгармага сөз менен мүнөздөмө берсек азыр түстөр аркылуу музыканын мүнөзүн ачып беребиз. Музыка уктурулганда студенттер музыканын мүнөзүнө жараша карточкалар менен иштегенди үйрөнүшөт, мисалы, шайыр, шаңдуу музыкага – кызыл,назик музыка – кызгылтым, табышмактуу музыка – фиолетовый, кардуу музыка – көк , жайдары, көңүлдүү музыка – жашыл түс берилет.



Подпись ___ заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И.

**Искусствонун жанрлары аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү (музыка, сүрөт искусствосу жана адабият)** бул ыкманы колдонууда студенттер кыргыз элдик музыкадан тандап, музыкага жараша адабий материал, поэзия түрмөктөрүнөн жана аны сүрөт менен толуктай турган картиналарды топтошот. Бул иште да студенттерди эки топко бөлүп иштейбиз, биринчи топ адабий чыгарма сунуштайт, ал эми экинчи топ ага жараша музыканы тандап, сүрөт тартышат же элестетүү аркылуу айтып беришет. Мисалы, К. Орозовдун «Кара Өзгөй» күүсүн талдап көрөлү. Күүнүн сюжети: эртең менен эрте туруп эшикке чыккан Карамолдо уй саап аткан келинди көрөт, уй келинди кыйнап, тээп, басып кетип, сүттү төгүп саадырбай баса берет, аны карап «кара өзгөй уй тура» - деп ойлонуп коёт. Кийин мына ушул сюжеттин негизинде «Кара Өзгөй» күүсү пайда болгон. Азыркы адамдардын жаман мүнөзүн сүрөттөгөн күчтүү сезимде жазылган ыр тандалып, ага күңүрт түстө тартылган сүрөт сунушталат.

А. Огомбаедин «Ак тамак, көк тамак» күүсүнө А. Осмоновдун «Ата Журт» ырын жана ага кыргыз жергесинин керемет жаратылышын чагылдырган сүрөт колдонсок болот. Күүнүн сюжетинде ак чымчык менен көк чымчыктын жылуу жакка учуп кетүү айтышы берилет, бирок ата журтту таштап кетүү кыйын болот. Ы. Туманов «Боз салкын» күүсү жана А. Осмонов «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү менен көлдүн сүрөтү.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Дүйнөдө канча жолдош күтсөм дагы
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун.

Бул ыкманы өркүндөтүү аркылуу студенттер сүрөт искусствосунун, адабияттын жана музыканын көркөм каражаттарын таанып билип, колдонуп, искусствонун түрлөрүнө кызыгуулары калыптанат.

**"Музыка эмне жөнүндө айтып берет"** – мында жашоонун ар кандай шарттарын же жомоктук каармандар, жаратылыш жана ар кандай тарыхый окуялар жөнүндө музыкалык материал тандалып алынып, сезимдик боёктор, музыкалык-ритмикалык кыймылдар менен коштолуп берилет. Мисалы, Ы. Тумановдун «Жаш тилек» күүсү.

Бул күүдө жаштардын илим-билим алууга болгон умтулуусу, эңсесүү чагылдырылат. Ар кандай адистикке ээ болуу – жаштардын тилегин комуз күүсү менен Ыбрай берсе, ал кайрыкты Абдрасул Токтомушев поэзия тилинде мындай чагылдырган:

Көчө бойлоп, кээде ойноп,
Кыт-кыт күлүп, катар жүрүп,
Келе жатты үч бала. Анын бири:
«Чөлгө барып, канал салып,
Суу чыгарып, жер сугарып….» инженер болууну самайт. Катарындагысы:
«Көрөсүң сен, чоңойсом мен,
Москвага барамын, окуп-окуп…
Көз жетпеген… Сонун үйлөр саламын» - деп дегдейт. Үчүнчү жеткинчектин тилеги:
«Мен да толом, учкуч болом,
Көккө тийип, өтө бийик,
Ай алдында, алыс учуу тилегим».

**"Музыка кантип айтып берет"** – бул музыканын көркөм каражаттары аркылуу берилет, динамикалык белгилер, staccato, cresc, dim, forte, piano, ритм, лад, темп, интонация, дикция ж.б. Мисалы, элдик музыканын түрдүү жанрларын колдонуп аларда колдонулган көркөм каражаттардын мүнөзүн талдоо. Кайгылуу музыка минордук ладда, ритмикалык сүрөттөр узун, акырын, оор, салмактуу, жай темпте, ал эми шайыр музыка мажордук ладда, күчтүү сезим менен, шаңдуу ылдам темпте аткарылат."Манас" эпосунун айтылыш ыкмасына кайрылса, анда музыканын дээрлик бардык көркөм каражаттары колдонулган.

***Адабияттар***

1. Алагушев Б. Кыргыз элдик музыкалык аспаптары. - Ф., 1974. – 60 б.
2. Алагушев Б., Койгелдиева Т., Турдумамбетова Ш., Кыргыз музыкасынын тарыхынан. – Фрунзе, 1989.
3. Дюшембиева К.А. Кыргыз элинин байыркы оозеки музыкалык чыгармачылыгынын таржымалы. - Б., 2005. – 242 б.
4. Дуйшөналиев Ж., Усенко Л., Сейдекулова К. Музыкальное воспитание дошкольников: Методическое пособие. - Б., 2009.
5. Кайбылдаев А. Күү баяны I, II. – Бишкек, 2000.
6. Кайбылдаев А. Кыргыз музыкалык аспаптары. – Бишкек, 2003.
7. Кайбылдаев А. Кыргыз күүлөрү. 1-2- китеп, - Б.: 2011.

---

## ЖАМААТТЫК ТРЕНИНГДЕР – ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ФОРМАЛАРДЫН БИРИ КАТАРЫНДА

**Мутлу А.**
*Мутлу Акбулут – п.и.к., Ч. Айтматов атындагы «Себат» Кыргыз-Түрк лицейи, Бишкек ш.*

***Аннотация.*** *Таанып-билүү кызыгуулары – инсандык интегралдык билим алуусу, ал айрым бир психикалык процесстер (интеллектуалдык, эмоционалдык, регулятивдик) менен да, ошол адамдын жалпы дүйнө менен татаал байланышы менен да карым-катышта турат. Ал интеллектуалдык, изденүүчү мүнөздө болот жана инсандык эрки, умтулуулары, үзүрлүү ишмердүүлүгү менен байланышат. Демек, азыркы дидактикада таанып-билүү кызыгуулары бир нече аспектиден каралат (окуу процесстеги орду, окууга болгон баланын мотивин ойготуудагы ролу, баланын психологиясы менен байланыштуулугу ж.б.). Окуучунун таанып-билүү кызыгууларын калыптандыруу окутуу жана тарбия процессин натыйжалуу уюштуруу менен бирге окуучунун инсандык сапатын калыптандырууга чоң таасирин тийгизет, андыктан аны баланын акыл-эс жактан өсүүсүнүн аккумулятору, башкалар менен баарлаша алуу мүмкүнчүлүгүнүн жана чыгармачылык ишмердүүлүк аракетинин жаратуучусу катары кароо керек. Андыктан да предметтик мугалимдин милдети – ар дайым окуучуларга таанып-билүүгө кызыгуучу материалдарды сунуштоо, алардын активдүү кызыгууларын ойготуп туруу, демек, ал окуу ишмердүүлүгүнүн эң баалуу мотиви катары түшүндүрүлөт. Таанып-билүү кызыгуулары калыптануу процессиндеги окуучулар ар дайым активдүү издөөдө, издегенин та-*



Подпись ___ заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. ...БАЕВА